**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ**
**КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЙ МУРАС ИНСТИТУТУ**

**Диссертациялык кеңеш Д. 07.16.528**

**Кол жазма укугунда**
**УДК: 93 (2 Ки)**

**ЖАНЫБЕКОВА КАЙРЫКАН РАСУЛОВНА**

# ЕНИСЕЙ КЫРГЫЗДАРЫНЫН ТАРЫХЫНЫН ПРОФЕССОР В.Я.БУТАНАЕВДИН ИЗИЛДӨӨЛӨРҮНДӨ ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

**Адистиги: 07.00.02.–Ата Мекен тарыхы**

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

**Бишкек - 2016**

Диссертациялык иш И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо институтунун психология-педагогикалык жана гуманитардык билимдер кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчиси**: тарых илимдеринин доктору, профессор **Абдырахманов Төлөбек Абылович**

**Расмий оппоненттер**: тарых илимдеринин доктору **Кылычев Акылбек Мукаевич**
тарых илимдеринин кандидаты, доцент **Кожобеков Муратбек Чалакеевич**

**Жетектөөчү мекеме:** Ош Мамлекеттик университети, Кыргызстандын тарыхы, археологиясы жана этнология кафедрасы
Ош шаары, Ленин көчөсү, 331.

Диссертация 2016-жылдын “27” июнда саат 16.00дө 720026, Бишкек ш., Раззаков көчөсү, 51а дареги боюнча И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых жана маданий мурас институтунун алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д.07.16.528 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот.

Диссертация менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот.
Дареги: 720026, Бишкек ш., Раззаков көчөсү, 51а.

Автореферат 2016-жылдын «27» майында жөнөтүлдү.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**тарых илимдеринин доктору** **Курбанова Н.У.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Иштин актуалдуулугу**. Кыргыздардын этностук тарыхы, этногенези, маданияты боюнча изилдөө иштери учурда жаңы нукка коюлуп, бул багытта алгылыктуу илимий изилдөөлөр аткарылып жаткандыгы маалым. Арийне, илим чөйрөсүндө кыргыз тарыхынын кээ бир баскычтары боюнча айрым көз караштар, талаш-тартыштар эки кылымдай убакыттан бери жашап келет. Бул маселе кыргыздардын этностук тарыхына, этногенезине, локалдашуусуна жана миграциясына, кошуна ж.б. элдер, этностук топтор менен этногенетикалык, этномаданий алакаларына байланышкан. Ошондуктан, енисей кыргыздарынын этностук-маданий, мамлекеттик-саясий жана социалдык институттарынын тарыхын изилдөө кыргызтаануудагы маанилүү маселе катары көтөрүлүп жатат. Кыргыз каганатынын, андан соңку енисей кыргыздарынын этносаясий тарыхы (1703-ж. чейин), салттуу маданиятынын теңиртоолук кыргыздары менен байланышы комплекстүү изилденбей келген. Ошондон улам, “кыргыз” этноними, орто кылымдардагы енисей кыргыздары менен теңиртоолук кыргыздардын тарыхый жалпылыгы илим чөйрөсүндө айрым пикир келишпестиктерди жаратты.

Енисей кыргыздары жана теңиртоолук кыргыздардын этногенетикалык, этномаданий жалпылыктарын тактоо кыргыздардын орто кылымдардагы ички жана сырткы миграциясын, жайгашуу ареалын, уруулук курамын, этностук маданиятын, кыргыздардын эл катары калыптануусунун этаптарын тактоого көмөк берет. Ошону менен бирге, енисей кыргыздарынын мамлекеттик курулушу, башкаруу системасы, этностук курамы, сибирлик (енисей) кыргыздардын Алтан-хандар, орустар, ойрот-калмактар (жунгарлар) менен болгон мамилелери, кыргыздардын Жунгарияга көчүрүлүшү, алардын тарыхый тагдыры ж.б. у.с маселелерди изилдөө бүгүнкү кыргызтаануунун актуалдуу проблемаларынан болуп калды. Бул көтөрүлгөн илимий проблемалардын дээрлик бардыгы профессор В.Я.Бутанаевдин бир топ жылдар бою жүргүзүп келе жаткан илимий-теориялык эмгектеринде чагылдырылып келет. Изилдөөчү енисей кыргыздарынын этносаясий тарыхын иликтөөдө тарыхый жазма, этнографиялык, географиялык, тилдик, археологиялык маалыматтар менен бирге хакастардын эс тутумундагы тарыхый фольклордун материалдарын кылдат колдонгондугун белгилөөгө болот.

Профессор В.Я.Бутанаевдин эмгектерин талдоо менен Кыргыз каганатынын жана кыргыздардын этносаясий тарыхын, мамлекеттин ээлеген чектерин, башкаруучу династиясын, коомдогу социалдык абал жана алакаларын, чарбалык укладын, кошуна өлкөлөр менен дипломатиялык-саясий мамилелерин тактоого болот. Тарыхый тагдыры оош-кыйышка жык толгон кыргыздар б.з.ч. III к. тартып өз эркиндиги жана Борбордук Азияда гегемондугун орнотуу үчүн хуннулар, жуань-жуандар, түрктөр, сейяньто, уйгур, кидан, монголдордун күчтүү мамлекеттери менен тынымсыз күрөшүп келишти. IX к. кыргыздардын жылдызы жанып, “Улуу Кыргыз державасын” курууга жетише алышты [25. С.2-

3]. Бирок өз суверенитети үчүн күрөшкөн орто кылымдагы кыргыз этносу тышкы душмандардын катуу жана тынымсыз кысымынан улам эки бөлүккө ажырап калышкан. Б.з. XI к. тартып енисейлик жана теңиртоолук кыргыздардын этносаясий, маданий өнүгүүсү өз алдынча өнүгө баштаган. Илимпоз В.Я.Бутанаев тарыхчы-этнограф, фольклорчу жана белдүү чыгыштаануучу катары енисей кыргыздары боюнча изилдөөлөрүндө кытай хроникаларын, араб-фарси тарыхый жазма маалыматтарын, фольклорду, ономастикалык материалдарды кенен пайдаланган. Изилдөөчү Кытайдын Фу-юй уездиндеги (Хэйлуньцзянь, КЭР) жашаган кыргыздарда илимий сапары менен болгон. Автор бул енисей кыргыздары XIII к. монголдордун Юань династиясынын тушунда көчүрүлгөн этнографиялык тобу деген тыянагын айтат.

Түштүк Сибирдин түрктөрүнүн байыркы уламыштары, болмуштары менен санжыраларында кыргыздар Ортолук Енисей өрөөнү гана эмес, бүткүл Саян-Алтай аймагынын эзелки, түптүү (автохтондуу) тургундары катары баяндалат. Кыргыздар бул чөлкөмдө дарактар жер бетине али чыга электе чейинки мезгилде эле жашап келишкен деп божомолдонот. Хакас фольклорунда кыргыздар өз энчилүү атын түпкү легендарлуу энеси болгон «Хыр хыстан» (Буурул чачтуу кыз) алышкан экен. Этнонимдин «кырк кыз» деген аттан келип чыгышы жөнүндө уламыш Теңир-Тоо кыргыздарында сакталып калган, ал эми азыркы хакастар муну биле беришпейт. Бирок XIII к. кытай жылнаамасы “Юань-ши” жергиликтүү фольклордон енисей кыргыздары өздөрүнүн тегин «Хань (Кытай) жеринин 40 кызы Уса жеринин (Уса дарыясынын өрөөнү) эркектерине турмушка чыккандан башталат...» - деген маалыматты айтып, “Ошондон улам, ушул сөздүн маанисинен (“кырк”) деп өз жерин атап калышты...” деп белгилейт. Бул сюжет енисейлик жана теңиртоолук кыргыздардын фольклордук традицияларынын жалпылыгын чагылдырары бышык. Муну менен катар В.Я.Бутанаев Кытай жыл баяндарындагы (Тан доору, 618-907) жана мусулман булактарындагы маалыматтарды кылдаттык жана ишенимдүү салыштыруу менен чечмелөөгө жетишкен. Изилдөөчү маалыматтардагы Цигу (Кыргыз) мамлекети мындан бир жарым миң жыл илгери эле калыптанган жана кыргыздар чыгыш теги жагынан ашина-түрктөрүнө (көк түрктөр) жакын болушкандыгын баса белгилейт.

**Изилдөөнүн объектиси** – енисей кыргыздарынын мамлекетинин келип чыгышы, калыптануусун, этносаясий өнүгүүсүн, енисейлик жана теңиртоолук кыргыздардын этногенетикалык, этномаданий жалпылыктарын изилдөө.

**Изилдөөнүн предмети** – т.и.д., профессор В.Я.Бутанаевдин эмгектериндеги енисей кыргыздарынын этносаясий тарыхынын чагылдырылышын иликтөө.

**Илимий иштин максаты жана милдеттери:** Диссертациялык иштин негизги максаты профессор В.Я.Бутанаевдин көп жылдык изилдөөлөрүнүн негизинде енисей кыргыздарынын (Кыргыз каганатынын) саясий тарыхына, мамлекеттик түзүлүшүнө, этностук-маданий, каада-салт, үрп-адаттарына,

социалдык алакаларына, экономикалык абалына, чарбалык укладына анализ жүргүзүү менен, теңиртоолук кыргыздар менен тектик жалпылыктарын изилдөө.

Жогоруда коюлган максатты ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй милдеттер коюлат:

- окумуштуунун илимий-педагогикалык жана чыгармачылык тарыхын жазуу;
- изилдөөчүнүн енисей кыргыздарына байланыштуу жарык көргөн эмгектеринин тарыхнаамасына саресеп салуу;
- байыркы жана орто кылымдардагы кыргыздардын этностук аймагы жана тили боюнча илимпоз В.Я.Бутанаевдин концепциясын талдоо;
- енисейлик жана теңиртоолук кыргыздардын этностук-маданий жалпылыгы жөнүндөгү изилдөөчүнүн көз карашын иликтөө;
- Кыргыз каганатынын келип чыгышы жана анын мааниси боюнча В.Я.Бутанаевдин тыянактарына баа берүү;
- кыргыздардын жана “кыргыз” этнониминин хакас тарыхый фольклорундагы чагылдырылышын жана чечмеленишин талдоо;
- монголдордун Юань династиясы (1271-1368) жана Түмөн Кыргыз административдик-башкаруу аймагынын өз ара алакаларына изилдөө;
- XVII к. жана XVIII к. баш чендериндеги “Кыргыз өлкөсүнүн” этностук-саясий абалын карап чыгуу;
- Кыргыз өлкөсүндөгү кыштымдар институту жана социалдык алакаларына тарыхый анализ жасоо;
- 1703-ж. Енисей кыргыздарынын Жунгарияга сүрүлүшү жана анын кесепеттери боюнча В.Я.Бутанаевдин көз карашын талдоо ж.б.

**Изилдөөнүн жаңычылдыгы**: Кыргызтаанууда енисей кыргыздарынын VI-XVIII кк. этносаясий тарыхы, Кыргыз каганатынын калыптанышы, ээлеген географиялык алкагы, кыргыздардын локалдашуусу, байыркы тили, Кыргыз каганатындагы династиялык башкаруу системасы ж.б. илимий маселелер В.Я.Бутанаевдин илимий көз караштары, тыянактары аркылуу талданды. Хакастардын тарыхый эс-тутумунда сакталып келген жана хакас тарыхый фольклорунда эскерилген кыргыздарга, “кыргыз” этнонимине тарыхый-этнографиялык изилдөөлөр жүргүзүлдү; енисей кыргыздары менен теңиртоолук кыргыздардын этномаданий, тарыхый жалпылыктары изилденди; кыргыздардын монголдордун Юань династиясынын тушундагы (1271-1368) Түмөн Кыргыз өзгөчө аймактык бирдиги иликтенди; енисей кыргыздарынын Жунгарияга көчүрүлүшү жана Енисейдеги Кыргыз мамлекетинин жашоосун токтотуусу эки тараптуу (жунгар-орус) сүйлөшүүлөрдөн соң ишке ашкандыгы изилденди.

**Изилдөөнүн булактары**: Изилдөөнүн негизги булактары катары профессор В.Я.Бутанаевдин соңку 45 жылда жазган илимий эмгектери (жалпы саны 400 жакын), байыркы жана орто кылымдардагы кытай жыл баяндарындагы, араб-фарсы булактарындагы жана кыргыз (түрк) жазма эстеликтериндеги маалыматтар, Махмуд Кашгари, Рашид ад-Дин, Гардизи, Абул-Гази Бахадур-

хан, Н.Я.Бичурин (Иакинф) ж.б. авторлордун чыгармалары, Г.Ф.Миллер, И.Е.Фишер, Н.Н.Козьмин, В.В.Бартольд, В.В.Радлов, С.Д.Мойнагашев, Н.Ф.Катанов, М.И.Боргояков, С.В.Бахрушин, Л.П.Потапов, С.М.Абрамзон, А.Абдыкалыков, Э.Ж.Маанаев, А.Арзыматов, И.Б.Молдобаев, Ю.С.Худяков, Т.К.Чороев, А.М.Кылычев, М.Ч.Кожобеков, О.К.Каратаев, Т.Абдракунов, Эсен уулу Кылыч ж.б. илимпоздордун эмгектери пайдаланылды.

**Изилдөөнүн методологиялык негизи:** Диссертациялык иликтөөнүн методологиялык негизин дүйнөлүк жана мурдагы советтик түркология, тарых, этнография илимдеринде жетишилген жоболор, салттуу пикирлер, калыптанган салыштырма, структуралык, тарыхый-этнографиялык, статистикалык усулдар түзөт. Изилдөөбүздө тарыхый, ретроспективдүү, баяндап жазуу усулдары, этногенез жана этникалык тарых боюнча тарых, этнография илиминин теориялык жоболору колдонулду. Диссертацияны жазууда изденүүчү башка изилдөөчүлөрдүн тарых, фольклор, мифология, дин илимдери боюнча теориялык эмгектерине да таянды.

**Илимий-практикалык мааниси**: Диссертациянын илимий жыйынтыктары Кыргыз каганатынын этносаясий тарыхын, мамлекеттик курулушун, кыргыздардын жайгашуу аймактарын жана алардын Борбордук Азиядагы локалдашуусун, енисей кыргыздардын этностук тарыхын, этногенезин, маданиятын, уруулук курамын, мамлекеттик символикаларын окуп-үйрөнүүдө; Кыргыз каганатынын Борбордук Азиянын элдери менен болгон алакалары, кыргыз жазуусу жана тили, Кыргыз каганатынын башкаруу династиясынын өкүлдөрү ж.б.у.с. маселелерди иликтөөдө жардамы тиет. Енисей кыргыздарынын этномаданий жана саясий байланыштарын иликтөө кыргыздардын тарыхын, этнографиясын, элдик илим-билимдерин, каада-салттарын, диний-философиялык түшүнүктөрүн, эстетикалык-көркөм маданиятын, түрк-монгол тилдүү элдер менен этногенетикалык, этномаданий байланыштарын үйрөнүү үчүн зарыл. Диссертациянын материалдары Кыргызстандын тарыхы боюнча жалпылама эмгектерди жазууда, ономастикалык, этнографиялык сөздүктөрдү түзүүдө, окуу китептерин, окуу куралдарын, тандалган сабактарды даярдоого көмөк берет.

**Коргоого сунушталуучу негизги жоболор:**

1.Изилдөөчүнүн көз караштары, тыянактары енисей кыргыздарынын тарыхындагы “ак тактар” болгон маселелерге жооп берет;

2. XX к. 60-ж. “кыргыз” жана жасалма “хакас” этнонимдери боюнча полемикага В.Я.Бутанаев “хягас” экзоэтноними боюнча илимий пикирин айткан;

3. Кыргыз каганатынын этностук аймагы, енисей кыргыздарынын тили ишенимдүү тарыхый-географиялык, лингвистикалык булактардын негизинде талданган;

4. Профессор В.Я.Бутанаевдин Кыргыз каганатынын Борбордук Азия жана ага чектеш аймактардагы саясий, этностук-маданий жактан ээлеген орду боюнча көз карашы такталат;

5. Кыргыз каганатынын мамлекеттик-башкаруу системасы, кагандык (хандык) династия жана алардын теги боюнча тарых илиминдеги жаңы көз карашы талданат;

6. Кытай, араб-фарси жазма булактарын маалыматтар, фауна жана флора аркылуу Кыргыз каганатынын географиялык аймактарын тактоо боюнча профессор В.Я.Бутанаев илимдеги жаңычыл көз карашын сунуш этет;

7. Юань династиясына (1271-1368) баш ийген "Түмөн Кыргыз" башкаруу аймагы жана анын мааниси тууралу изилдөөчүнүн пикири бышыкталып, колдоого алынат;

8. Енисей жана Теңир-Тоо кыргыздарынын этностук-маданий, тектик жалпылыгы окумуштуунун эмгектеринин дээрлигинде чагылдырылган жана алар ономастикалык, тарыхый, фольклордук ж.б. маалыматтар менен бекемделген;

9. Кыргыздардын Жунгарияга (1703-ж.) зордоп сүрүлүшү жана себептери, жыйынтыгы, кесепеттери изилдениши бул жаатта жазылган башка иликтөөлөр менен салыштырылат, анализденет.

10. XVII-XVIII кк. Кыргыз этносаясий бирикмесинин (Кыргыз жери) саясий-социалдык, экономикалык абалы, административдик-чарбалык түзүлүшү, кыштым институту боюнча изилдөөчүнүн пикирлери, тыянактары колдоого алынат.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы**: Диссертациялык иш кыргызтаануунун проблемалуу бөлүгү болгон енисей кыргыздарынын этносаясий, этномаданий, социалдык-экономикалык ж.б. тарыхын изилдөөгө болгон салым. Эмгекте енисей кыргыздарынын теңиртоолук кыргыздар менен тарыхый, этномаданий жалпылыктары боюнча профессор В.Я.Бутанаевдин илимий эмгектери кеңири иликтенген. Мунун негизинде Кыргыз каганатынын этносаясий тарыхы гана эмес, Түштүк Сибирдин башка этносторунун тарыхы, этнографиясы, тили боюнча илимий пикирлер бүтүмдөр, тыянактар сунушталды.

**Диссертациялык иштин апробацияланышы**. Диссертациялык иштин негизги мазмуну жана илимий тыянактары, пикирлер Эл аралык симпозиумдар жана конгресстерде, республикалык илимий жыйындарда апробацияланды.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын жарык көрүшү**. Изилдөөнүн негизги жоболору ата мекендик жана чет өлкөлүк илимий жыйнактарда берилген. Тема боюнча бир монография, 19 макала, алардын ичинен экөө чет өлкөлүк басылмаларда жарыкка чыккан.

**Диссертациялык иштин хронологиялык алкагы**. 1. Диссертациялык иштин хронологиялык алкагы VI-XVIII кк. тарыхта белгилүү болгон Кыргыз каганаты, Түмөн Кыргыз жана 1703-ж. жашаган енисей кыргыздарынын мамлекетинин доору. 2. XX к. 60-ж. бүгүнкү күнгө чейинки мезгилди, тактап айтканда, профессор В.Я.Бутанаевдин илим чөйрөсүнө кадам койгон мезгилинен азыркы күнгө чейинки убакытты камтыйт.

**Диссертациялык иштин структурасы**. Диссертациялык иш киришүүдөн, эки бөлүм, корутунду, пайдаланылган адабияттардын тизмеси жана тиркемеден турат.

## ДИССЕРТАЦИЯЛЫК ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын изилдениш тарыхы, диссертациянын максаты, милдеттери, анын жаңычылдыгы, апробацияланышы, структуралык бөлүнүшү сыяктуу маселелер ачылып берилди.

Диссертациялык иштин биринчи бөлүгү **"Байыркы түрк доорундагы кыргыздардын профессор В.Я.Бутанаевдин эмгектеринде чагылдырылышы**" деп аталат. **"Окумуштуунун илимий-педагогикалык жана чыгармачылык жолу**" аттуу биринчи параграфта профессор Виктор (Астайбек) Яковлевич Бутанаевдин биографиясы, тарыхчы-этнограф катары калыптануусу изилденет. В.Я.Бутанаев 1946-жылдын 12-мартында Камчатка облусунда аскер кызматкери Яков Николаевич Бутанаевдин үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. 1957-ж. Казандагы суворовчулар мектебинде 1961-ж. чейин окуган. Андан соң Ташкент мамлекеттик университетинин тарых факультетинде "археология жана этнография" адистиги боюнча билим ала баштаган. Болочок окумуштуу "кыргыз" этноними, Кыргыз каганаты, енисей кыргыздары калтырган маданият, енисей кыргыздарынын тарыхый мураскорлору боюнча адис, археолог Ю.С.Худяков менен биргеликте енисей кыргыздарынын тарыхы, алардын этногенезине байланышкан маселелер боюнча ата-бала тарыхчылар Кызласовдорго келишпес илимий оппоненттер болуп калышкан. В.Я.Бутанаев 1969-1970жж. Абакан шаарындагы (Хакас Автономиялуу областы) музейге этнограф болуп орношот. Аскерден келип ХакНИИЯЛИге илимий кызматкер катары кабыл алынган. Жаш изилдөөчү Хакасиянын аймагын кыдырып, маалыматтарды жыйнаган. Этнографиялык, фольклордук ж.б. маалыматтарды жыйноо, аларды системага салуу үчүн илимпоз 20 жылдык өмүрүн жумшаган. Изилдөөчү 1983-ж. Новосибирск шаарындагы СССР ИАсынын Сибирь бөлүмүндө «Социально-экономическое развитие хакасского аала в конце XIX-начале XX в.» аттуу темада кандидаттык диссертациясын коргойт. Илимпоздун хакастар, енисей кыргыздары, алардын маданияты, этностук тарыхы, фольклору, лексикасы боюнча эмгектери Сибирде, анын ичинде Кыргызстанда да жарыяланган. 1980-ж. хакастардын улуттук майрамдарын калыбына келтирүү үчүн В.Я.Бутанаев тарабынан "Тун пайрам" элдик майрамы өткөрүлгөн. 1991-1994 жж. аралыгында Россия ИАсынын Сибирь бөлүмүнүн Филология институтунда этнограф болуп иштейт. Новосибирск шаарында 1993-ж. "Этническая история хакасов и проблемы реконструкции основных этапов их исторического развитие" деген темада докторлук диссертациясын коргогон. 1993-ж. Н.Ф.Катанов атындагы Хакас Мамлекеттик университетинин алдында Этнография лабораториясы түзүлгөн. Учурда жетимиш жашка келген тарых илимдеринин доктору, профессор В.Я.Бутанаев илимпоздук жана илимдеги

уюштуруучулук жолун жигердүү улантып келүүдө. Енисей кыргыздарынын этносаясий тарыхын, маданиятын изилдөөдө сиңирген эмгеги үчүн 2003-ж. Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен “Даңк” медалы менен сыйланган. 2004-ж. “Кыргыз Республикасынын Илимине эмгек сиңирген ишмери” деген наамына ээ болгон.

**“Илимпоздун эмгектерине тарыхнаамалык сересеп”** аттуу экинчи параграфта профессор Виктор Бутанаевдин илимий эмгектерине тарыхнаамалык экскурс жүргүзүлөт. В.Я.Бутанаев өзүнүн жүргүзгөн илимий ишмердүүлүгүнүн алкагында 400 жакын илимий эмгек жарыялап, анын 30дан ашыгы монографиялар катары чыккан. В.Я.Бутанаев эң алгачкы илимий макаласын областык “Ленин чолы” газетасына жарыялаган. Ал эми академиялык илимий макаласы 1970-ж. “Заметки о двух хакасских этнонимах” [Учёные записи ХакНИИЯЛИ, Абакан, 1970, -Вып. 14. –С. 178-183] деген ат менен жарык көргөн. Хакас-Минусин ойдуңунан жыйналган зор көлөмдүү этнографиялык талаа материалдарын илим айлампасына киргизген. Мындан сырткары, автор Енисей суу бассейниндеги аймактарда кенен таралган кыргыздардын рун сымал жазууларын да терең изилдеген. Илимпоздун 70-80 жж. изилдөө иштери көбүн эсе этнографиялык нукка багытталган. Автордун иликтөөлөрүндө хакастардын этностук тарыхынын маселелери, тарыхый фольклор, калктын социалдык абалы жана структурасы, этнонимдер жана алардын маанилери, этностук аталыштардын таралуу алкагы, уруу-уруктардын (хакасча – сөөк) эн тамга белгилери жана алардын вариациялары талданган. В.Я.Бутанаев илимдин кандидаттык диссертациясын коргогонго чейин монографиялык эмгеги [Чирiм тамырлары - Корни моей земли. Сборник хакасских исторических преданий и легенд. -Абакан, 1982. -100 с.] жарык көргөн. 80-ж. экинчи жарымынан кыргыз тарыхчылары менен тыгыз алакада боло баштаган. Өзгөчө, кыргыздын этнографы И.Б.Молдобаев менен биргеликте жемиштүү илимий иштерди алып барышкан, эмгектери Кыргызстанда, Россия Федерациясында, Түркияда, Финляндияда, Монголияда, АКШ ж.б. өлкөлөрдүн жыйнактарында жарыяланган, атайын даректүү фильмдер дярдалган[1].

---

[1] Кыргыз-хакастардын сөз казынасы жаатындагы тарыхый байланыштары//Ала Тоо. -Фрунзе, 1988, № 9.–С.153-155; Киргизско-хакасские этнокультурные связи//Историко-культурные связи народов Южной Сибири.-Абакан, 1988.-С. 22-37 [соавторстве И.Б.Молдобаевым]; Историческая судьба енисейских кыргызов по данным фольклора народов Южной Сибири//Вопросы этнической истории киргизского народа. -Фрунзе, 1989.-С. 66-77; “Кыргыз" дареги Саяно-Алтай элдеринде//“Кыргызстан маданияты”. 1987. 7-8 беттер; Киргизско-хакасские языковые параллели//Язык-миф-культура народов Сибири. 1988.-С.17-27; Киргизско-хакасские этнокультурные связи [по данным скотоводческой терминологии]//Тюркология-88. -Фрунзе, 988. –С. 536-537; Проблема угона енисейских кыргызов в Джунгарию и ее значение для этнодемографического развития хакасов//Историческая демография Сибири. –Новосибирск, 1992. -С.65-73; Память о кыргызской эпохе, сохранившаяся в топонимике Саяно-Алтая//Кыргызы: этногенетические и этнокультурные процессы в древности и средневековье в Центральной Азии. -Бишкек, 1995. –С. 224-226; Память о кыргызской эпохе в топонимике Саяно-Алтая//Алтай и тюрко-монгольский мир.-Горно-Алтайск, 1995.–С.85-87; Присоединение "Кыргызской земли" к России и судьба енисейских кыргызов//Россия и Хакасия: 290 лет совместного развития.-Абакан, 1998.-С.36-42; К вопросу о кыргызско-хакасских этнографических связях//Кыргызы. Этнографические и этнокультурные процессы в древности и

**“Кыргыз Каганатынын жана кыргыздардын этностук аймагы профессор В.Я.Бутанаевдин концепциясы” үчүнчү параграфта** изилденет. Профессор В.Я.Бутанаевдин илимий изденүүлөрүнүн басымдуу бөлүгү илимде “байыркы түрк доору” деп аталган доордогу кыргыздардын келип чыгышы, таралуусу, маданияты, каада-салты, үрп-адаты, философиялык-диний ишенимдери, мамлекеттик-саясий түзүшү, социалдык алакаларына ж.б. арналган. Илимпоз кыргыздардын тарыхын тактоодо байыркы жазма булактар, археологиялык изилдөөлөрдүн маалыматтарын, тарых жана тил илимине байланыштуу илимий эмгектер менен катар калктын тарыхый эс-тутумунда сакталган фольклорду кылдат пайдаланган. Мында өзгөчө, Ю.С.Худяков менен биргеликте жазылган “История енисейских кыргызов” [Абакан, 2000] аттуу монографияны белгилөөгө болот. Мындан сырткары, И.И.Бутанаева менен авторлош жазылган “Эне-Сай кыргыздары: тарых жана фольклор” [Бишкек, 2002] эмгеги енисей кыргыздарынын тарыхы боюнча жаңы багытты негиздеген изилдөөлөрдөн болуп калат[2].

В.В.Бартольд гяньгундардын (кыргыздардын) алгачкы локалдашкан аймагы Түндүк-Батыш Монголиядагы Кыргыз-Нур (Херхис-Нор) көлүнүн айланасы болгондугун жазган. Хуннулардын тынымсыз чабуулдарынан кыргыздар б.з.ч. I к. Түштүк Сибирге, Минусин ойдуңуна журт которушкан.

---

средневековье в Центральной Азии. -Бишкек, 1996.-С.102-125; Кыргызская государственность на Енисее//Материалы международной археолого-этнологической экспедиции.-Бишкек, 2003. -С.44-72; Кыргызские памятники древнетюркской письменности//Каменные письмена. Древнетюркская поэзия VI-XII веков. -М., 2005.-С. 255 –265; “Тумен Кыргыз» в составе монгольской империи Юань//Мир Евразии. История, археология, этнография. №2.-Горно-Алтайск, 2008.–С.21-26; Великие личности в истории кыргызского каганата//Кыргыз каганаты түрк элдеринин орто кылымдардагы мамлекеттүүлүгүнүн жана маданиятынын алкагында. -Бишкек, 2014. –С.22–29 ж.б. илимий эмгектерин мисал катары келтирүүгө болот.

2.К вопросу о социальной структуре средневекового общества хакасов по данным исторического фольклора//Из истории Сибири. –Томск, 1976. Вып.21. –С.201-207; Об этногенетических связях хакасов с енисейскими кыргызами [по материалам хакасского исторического фольклора]//Происхождение и этническая история тюрков Сибири. -Омск, 1979.-С.150-153; Культ богини Умай у хакасов//Этнография народов Сибири. -Новосибирск, 1984.-С. 93-105; Киргизско-хакасские языковые параллели//Язык-миф-культура народов Сибири. 1988. –С.17-27; Киргизско-хакасские этнокультурные связи [по данным скотоводческой терминологии]//Тюркология-88.-Фрунзе,1988.-С. 536-537; Историческая судьба енисейских кыргызов по данным фольклора народов Южной Сибири//Вопросы этнической истории киргизского народа. -Фрунзе, 1989.-С. 66-77; Вопросы исторической топонимики Хакасии//Цыбиковские чтения: проблемы истории и культуры монгольских народов.-Улан-Удэ, 1993.-С.54-56; Этническая культура хакасов и проблемы реконструкции основных этапов их исторического развития//Автореферат диссертации на соискание ученой степени доктора исторических наук. -Новосибирск, 1993; Память о кыргызской эпохе, сохранившаяся в топонимике Саяно-Алтая//Кыргызы: этногенетические и этнокультурные процессы в древности и средневековье в Центральной Азии. Тезисы международной конференции. Бишкек, 1995.-С. 224-226; Хакасский исторический фольклор. -Абакан, 2001 [монография, авторлошу И.И.Бутанаева]; Кыргызская государственность на Енисее//Вестник ХГУ им. Н.Ф. Катанова. Сер. 3. История. Право. Вып.3. -Абакан, 2003.-С.44-46; Киргизское государство и древние религии Центральной Азии//Народы и культуры Сибири. Взаимодействие как фактор формирования и развития. Иркутск, 2004. -С.54-59; Кыргызские памятники древнетюркской письменности//Каменные письмена. Древнетюркская поэзия VI-XII веков. -М., 2005.-С. 255–265 ж.б.

В.Я.Бутанаевдин пикиринде кыргыз этносу б.з. биринчи миң жылдыгынын башында Ортолук Енисейдин тоолуу-токойлуу өрөөндөрүн мекендешкен. V к. кытай булактары: “цзянькунь (кыргыз) уруусу (эли) бөрү (карышкыр) уруусуна (же Түрк каганатына) тууганды гы жок. Алардын түпкү бабасы Цюйманьшань (Көгмөн тоосу – Батыш Саяндар) туулган үңкүр тоосунан түндүктө жайгашкан [МИКК,Т.II.-С.32]. Изилдөөчү фольклордогу эң алгачкы сюжет катары алгачкы (түпкү) мифологиялык бабалардын үңкүрдө төрөлүшүнө токтолот. Белгилүү болгондой түпкү бабанын атасы да, энеси да болгон эмес, ал өзү ошол жердин кыртышында туулган, так айтканда мифологиялык баба ошол жердин эң байыркы жашоочусу, алардын калыптануусу дал ушул аймакта өткөндүгүн белгилейт. Кытай жазма даректери боюнча Көгмөн тоосунан түндүк аймакта жайгашкан же бүгүнкү Хакас-Минусин ойдуңу кыргыздардын этностук бешиги болуп калат. Байыркы Кытай жынаамаларында Енисей жана Абакан дарыяларынын ортолугунда Кыргыз мамлекети тууралуу мифологиялык маалыматтар бар. Байыркы санжыра боюнча түрктөрдүн бабалары болгон Нишуду же Надулу-шад бири жаз перисинен, экинчиси кыш перисинин кыздарына үйлөнөт имиш. Алардын улуусу боюна бүтүп, төрт уул төрөйт, бири ак куугa айланып учуп кетет, бири болсо Афу-шуй (Абакан) жана Цзянь-шуй (Кем-су же Енисей) аймагындагы Цигу (Кыргыз) деген ээликке падышалык кылат [МИКК, 2003,16]. Бул факт биринчиден, кыргыздар менен Түрк каганатынын түрк-ашиналарынын туугандыгын, экинчиден болсо бул окуя б.з. V к. Бумын кагандын (551-ж.) Улуу Түрк кагандыгын башкарган мезгилине туура келет. Тактап айтканда, кытай жазуу даректери боюнча кыргыздар түрк тектүү болушкан жана алардын Енисейдеги мамлекеттүүлүгү мындан бир жарым миң жыл мурда эле калыптанган [33, С.71]. Түштүк Сибирь элдеринин байыркы уламыштарында кыргыздар Ортолук Енисейдин гана эмес, Саян-Алтай чөлкөмүнүн эң байыркы этносу катары баяндалат.Тан доорунун жылнаамаларында: ...бул мамлекет (Кыргыз каганаты) түштүк тарабынан Таньмань (Көгмөн – Батыш Саяндар) тоолору бар. ...дарыя Хойгу (уйгур) өлкөсүңөн башталат (Тува аймагы ал мезгилде Уйгур каганатына баш ийген – В.Б.), ал дарыя (Енисей) түндүккө карай агат... [86, С.57; 33, С.72]. Болжолу, Алтын-Көл деген ат менен азыркы Алтайдагы Телец көлү аталышы ыктымал. В.Я.Бутанаевдин пикиринде аталган тарыхый-географиялык аймак бүгүнкү Хакас-Минусин ойдуңунун географиялык алкагы менен толук дал келет. Изилдөөчү Саян-Алтайдын тарыхый топонимиясы, тагыраак айтканда гидронимдер Кыргыз өлкөсүнүн болжолдуу чек арасын аныктап турарына ынанат. Мисалы, Кыргыз өлкөсүнүн (Енисей кыргыздарынын орус жазма булактарда аталышы) түштүк-батыш чеги Кыргыз (хак. Хыргыс-суг) же Батыш Саяндардагы Кичи Абакандын куймасы, түштүктөн Хыргыс-суг, Батыш Саяндардагы Енисейдин Жой дарыясынын куймасы, чыгыштан Минусин ойдуңунун күн чыгышындагы Амыл жана Кыргызюл (хак. Хыргыс-чол) дарыясынын чеги, ал эми түндүктөн Кыргысжул (хак. Хыргыс-чул) ж.б. Изилдөөчү Кыргыз каганатынын чектерин байыркы жазма булактарда

эскерилген фауна жана флора менен да тактоого далаалат жасаган. Кытай жылнаамаларында Кыргыз мамлекетинин ээлеген аймагында кара куйруктуу жейрендер ж.б. жаныбарлар жашары баяндалат. “Тан-шу” берген маалыматтарга караганда Кыргыз жеринде айтылуу жейрен жаныбары болору, аны жергиликтүү калк “сымо” деп аташары эскерилген [86, С.59]. Демек, кытай жазма булактарында эскерилген Кыргыз жеринде жашаган жаныбарлар дүйнөсү аркылуу ошол учурдагы Кыргыз каганатынын аймагына азыркы Түндүк-Батыш Монголиянын аймактары да киргендигин байкоого болот [33, С.73]. Жогорудагы маалыматтар аркылуу Кыргыз каганатынын ээлеген аймактарына азыркы Хакас-Минусин ойдуңу, Тува, Түндүк-Батыш Монголиянын кеңири аймактары кирген. Кытай булактары кыргыздардын өлкөсүндө сыйда, оозу мурун тарабында орун алган “мйе” аттуу сөөксүз балык болорун жазышкан [12, С. 352; 86, С.59]. Кытай тилинде “мйе” деген иероглифи менен осетр тукумундагы балыктары аталары, бул балыктар жаратылышта Енисейдин ортоңку агамы тарапта гана жашары белгилүү.. Бул маалымат да IX к. Кыргыз мамлекетинин чек арасы түштүк тараптан Көгмөн токойу аркылуу өткөндүгүн  кыйыр ырастайт [33, С.73]. “Тан-шу” берген маалыматтарда кыргыздар колго үйрөтүлгөн төөлөрдүн, арстандардын, ат үстүндөгү оюндарынын, жип аркылуу аса таяктын ортолугунда басуу (дар оюну) сыяктуу спорттук оюндарды жактырып көрүшкөн. Бирок, арстандар бул аймактын шартында жашаган эмес. Арийне, Алтай тоолорунда XIX к. баш чендерине чейин “алабарс” деп аталган Туран жолборстору жашаган. Профессор В.Я.Бутанаев Кыргыз каганатынын башкаруучу династиясы боюнча да өтө кызыктуу илимий пикирин ортого койот. Кыргыз каганатында “Ажо” же “Аже” деп аталган мамлекеттик-башкаруу династиясы калыптанган. Тан династиясынын (618-907) жылнаамаларында кыргыздардын башчысы “Ажо” (Ажо) деп аталары баяндалат В.Я.Бутанаевдин пикиринде “Аже” (Ажо) кыргыз башкаруучусунун титулу, бир эле учурда мамлекетти башкарган уруунун (уруктун) VIII-IX кк. энчилүү аты. Арийне, бул маселеде кыргыз титулунун кытайча аталышынын мааниси боюнча илимпоздордо бирдей пикирлер калыптана электигин белгилей кетүү зарыл. Профессор В.Я.Бутанаевдин пикиринде “аз эли” деген табышмактуу, байыркы түрк жазма эстеликтеринде бир нече ирет эскерилген уруу (эл) илимий кызыгууну жаратат. Кыргыз жазуу эстеликтеринде “аз эли” эскерилбегени менен, В.В.Радловдун котормолорундагы “ач будун” – “ач эли” деген ат менен дал келет [89, С.59]. Изилдөөчү (В.Я.Бутанаев) кыргыздар “аз” этнонимин ошол учурдагы кыргыз тилинин ыңгайы менен “ач” формасында аташкан деген божомолду айтат. Ханзаада Күлтегинге арналган эстеликтеги маалыматтардан “аздар” кыргыздардын элитардуу бир бөлүгү болгон деген тыянак келип чыгат. Анда “аз”, “ач” титул-этнонимдерди кытай булактарындагы эскерилген “ажо” (аже) аталышы менен жалпылыкта карап, бул титул-этнонимди Кыргыз мамлекетин башкарган кагандардын династиясынын аталышы катары кабыл алууга болот.

**“Енисей жана теңир тоолук кыргыздардын тарыхый, этностук-маданий жалпылыгы изилдөөчүнүн эмгектеринде”** аттуу параграф

кыргызтаанунун эң бир маанилүү маселелеринин бирине арналган. Кыргыздардын миграциясы, орто кылымдардагы согуштук-саясий окуялардын тийгизген таасири, бул олуттуу маселе боюнча илимпоздордун көз карашына, тыянактарына профессор В.Я.Бутанаев эмгектеринде кайрылып, фактологиялык маалыматтардын негизинде өз пикирин айткан. Бул маселеде Ө.Караев, Ю.С.Худяков, Т.К.Чороев, М.Ч.Кожобеков ж.б. илимпоздордун көз караштарын колдоп чыккан. Кыргыздардын миграциясы жана алардын локалдашуусу боюнча көз карашы "Этническая история хакасов в XVII-XVIII в" [Москва,1990], Ю.С.Худяков менен биргеликте жазган "История енисейских кыргызов" [Абакан, 2000], И.И.Бутанаева менен авторлош жазылган "Эне-Сай кыргыздары: фольклор жана тарых" (Бишкек¸ 2002) сыяктуу монографияларында ж.б. эмгектеринде чагылдырылган.[3] "Хакастар – енисей кыргыздарынын маданиятынын түз мураскорлору болуп саналышат"- деп жазат В.Я.Бутанаев [19, С.43]. В.В.Радлов Саян-Алтай жана теңиртоолук кыргыздардын тегинин жалпылыгы жөнүндөгү алгачкы пикирди айткан окумуштуу болот. Сибирдик кыргызтаануучу Н.Н.Козьмин: "...М.А.Кастренден кийин эле В.В.Радлов кыргыздарды (теңиртоолук кыргыздар) хакастардын (енисей кыргыздарынын) тукумдары деп эсептеген. Алар Минусин ойдуңундагы көп сандаган көрүстөндөрдү кыргыздардыкы экендигин белгилешет. М.А.Кастрендин пикири боюнча кыргыздар (теңиртоолук кыргыздар. –Ж.К.) бул аймактан Ташкент менен Кокондун ортолугуна Иртыштын жогорку агымы аркылуу өтүшкөн, ал аймактарда монголдор менен аралашкандыгына карабастан таза түрк тилин сактап калышкан. Академик В.В.Радлов аларга (кыргыздарга) аска жана таш беттерине чегерилген жазуулар да таандык деген жыйынтыкка келген"–деп жазат [73, С.26]. Бүгүнкү теңиртоолук кыргыздарынын байыркы теги Енисей чөлкөмүндө калыптанган деген эң алгачкы көз карашты Г.Ф.Миллер айткандыгы белгилүү. Ал эми Н.Э.Фишер болсо енисей кыргыздары орустар менен сүйлөшүүлөрдөн соң Енисейден жунгарлар тарабынан Теңир-Тоого көчүрүлгөн деген тезисти жазат. К.Риттер, Ю.Клапрот ж.б. бул пикирди колдошкон.

---

[3] Об этногенетических связях хакасов с енисейскими кыргызами [по материалам хакасского исторического фольклора]//Происхождение и этническая история тюрков Сибири. -Омск, 1979.-С. 150-153; "Кыргыз" дареги Саяно-Алтай элдеринде//Кыргызстан маданияты. 1987.-С.15; Киргизско-хакасские языковые параллели//Язык-миф-культура народов Сибири. 1988.-С. 17-27; Киргизско-хакасские этнокультурные связи [по данным скотоводческой терминологии]// Тюркология-88.-Фрунзе, 1988, -С.536-537; Кыргыз-хакастын сөз казынасы жаатындагы тарыхый байланыштары//"Ала Тоо" журналы.-Фрунзе, 1988, № 9.-С.153-155; Киргизско-хакасские этнокультурные связи//Историко-культурные связи народов Южной Сибири. -Абакан, 1988.-С. 22-37; Историческая судьба енисейских кыргызов по данным фольклора народов Южной Сибири//Вопросы этнической истории киргизского народа. -Фрунзе, 1989.-С.75-83; Память о кыргызской эпохе, сохранившаяся в топонимике Саяно-Алтая//Кыргызы: этногенетические и этнокультурные процессы в древности и средневековье в Центральной Азии. -Бишкек, 1995.-С. 224-226; Кыргыз-хоорайские сказания и легенды//Эпос "Манас" и эпическое наследие народов мира. -Бишкек, 1995.-С. 61-62; История енисейских кыргызов [авторлошу Ю.С.Худяков], -Бишкек, 2000,-225 с; К вопросу о кыргызско-хакасских этнографических связях//Кыргызы. Этнографические и этнокультурные процессы в древности и средневековье в Центральной Азии. -Бишкек, 1996.-С. 102-125; Кыргызская государственность на Енисее//Материалы международной археолого-этнологической экспедиции. -Бишкек, 2003. -С. 44-72 ж.б.

Н.Я.Бичурин енисей кыргыздары жана теңиртоолук кыргыздар эки башка эл деген көз караште болгон. Бүгүнкү Саян-Алтай элдеринин тарыхый эс-тутумунда кыргыздар жергиликтүү калк болгондугу (айрым учурда “бурут” деген да аталыш жолугат), алар ар түрдүү кырсыктар, себептер менен түштүк тарапка көчүп кеткендиктери сакталган. Мисалы, “Түштүк Сибирдин түрктөрүнүн байыркы санжыраларында кыргыздар Ортолук Енисей өрөөнү гана эмес, бүткүл Саян-Алтай аймагынын эзелки, түптүү тургундары болушкан. Кыргыздар Саян-Алтай аймагында дарактар жер бетине али чыга элекке чейинки мезгилде эле жашап келишкен делинет” [30, С.24]. “Шор менен чулумдардын уламыштарында кыргыздар байырлаган аймактар эзелки замандарда жайык талаа болуп, анда кыргыз жылкычылары жашашканы эскерилет. Жерден дарак өсүп чыга баштаганда, кыргыздар бул кубулушту шайтандын мүйүзү, боло турган кырсыктын белгиси катары түшүнүшүп, түштүк тарапка журт которуп кетишет. Алардын көчө албай калган бир аз бөлүгү бүгүнкү хакастардын бабалары болуп калышыптыр. Азыр да Шорияда түн ичинде кыргыз жылкыларынын кишенегендери угулуп турары баяндалган «Хыргыс кодрезі»-“Кыргыз сазы” деген жер бар. Кыргыздардын Саян-Алтайдан ары көчүшү тууралуу уламыштар Кыргыз улуу мамлекети (IX-XI кк.) мезгилин, алардын Борбордук Азиянын зор бөлүгүн басып алып, Теңир-Тоого журт которуусун чагылдырышы ыктымал. Хакастардын алда канча кийинки доорлордогу санжыраларында кыргыздар жана алардын мамлекетинин кулашы моңгол жеңип алууларына байланыштырылат. Ириде, кыргыздар өздөрүнүн маданий өнүгүү денгээли жагынан түндүк жана чыгыш тараптардагы жашаган кошуналарынан алда канча жогору турушкан. Хакастар сакталып калган байыркы арыктардын нуктарын “хыргыс аргылары”, кыргыздар иштеткен дыйканчылык талааларын, жайыттарын – “хыргыс тарлаглары” деп аташат. Көп сандаган, бүгүнкү күнгө чейин сакталган кара металлургиянын чалдыбарларын - “хыргыс узанган чирлер” – “кыргыз устаканалары”, орто кылымдарга таандык көрүстөндөр “хыргыс сөөктері” – “кыргыз көрүстөндөрү” деп аталат [15, С.130; 66, С. 216-217]. Кыргыздар менен кошуна болгон бөтөн тилдүү элдер, уруулардын чектеш жерлеринде “хыргыс” деген топонимикалык аталыштар пайда болгон. Хакас-Минусин ойдуңунун тоо жана токойлуу аймактарына ыктаган жерлерде “хыргыс чул” – кыргыз өзөнү, сайы деген мааниде, орусча аталып калган “киргизка”, “киргисюль”, “киргисул”, “киргисуль”, “кургусюл” сыяктуу өзөндөр жайгашкан. Ал эми Абакан жана Июсстун кенен талаалары “хыргыз чазы” – кыргыз талаалары деп бекер жеринен аталбас. Н.Н.Козьмин малчылык менен кесиптенишкен кыргыздар башкарган мамлекет (Хакас) орус жеңип алууларына чейин жашады. ...Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн өзөгү кыргыздар менен кошо Саяндардан ары кетти, алар менен кошо тубиндердин көпчүлүгү бирге көчүштү, алардын бир аз гана бөлүгү калышты...”-деп жазат [73, С. 4].

Изилдөөчүнүн тыянагында енисей кыргыздарынын Теңир-Тоого көчүп келүүсү эки этаптан туруу менен б.з. IX-X кк. таандык доорду кучагына камтыйт. Кыргыздардын басымдуу бөлүгү бул мезгилде Чыгыш Түркстан жана

монгол Алтайынын жерлерин мекендешкен. Кыргыздардын теңиртоолук жана енисейлик топторго бөлүнүп калуусуна кара кытай чабуулу, наймандардын кысымы себеп болгон деген көз караш кыргызтаанууда басымдуулук кылат. Кыргыз тарыхчыларынын ичинен бул көз караштын туура экендигин чыгыштаануучу, профессор Өмүркул Караев XX к. 60-ж. тартып өз эмгектеринде жазып келди. Кыргыздар IX к. тартып Чыгыш Түркстанга байма-бай аскердик жүрүш жасап турушкан, бул аймак кыргыздарга көз каранды болгон. Кыргыздар Бешбалык, Куча, Үчтурпан ж.б. шаарларга ээлик кылган учурлары болгон. Бул окуялар узак мезгилге созулбаганы менен кыргыздардын бул аймактарга ээлик кылгандыктары тарыхый чындык. Кыргыздардын аталган жерлерде локализация болушу “Ааламдын чектери” (“Худуд ал-Алам”) аттуу перс булагында да эскерилет. Кашкар аркылуу кыргыздардын, ягмалардын, Тибет жана Кытайдын чек аралары өткөн [7, С.28-40]. 916 жана 925 жж. азыркы Монголиянын аймактарына согуштук жүрүш жасаган кара кытай (кара кидиндар) каганы Елюй Амбаган кыргыздарды жолуктурган эмес жана “уйгурлардын жерине” түз киргендиги баяндалат. Болжолу, бул мезгилде кыргыздар согуштук-саясий жактан начарлаган болуу керек. Азыркы Монголиянын (Батыш Монголия) ээн калышы кыргыздардын бир бөлүгүнүн Тува жана Ортолук Енисейге, бир бөлүгүнүн Чыгыш Түркстанга сүрүлүшү менен түшүндүрсө болот. Ошол эле учурда, В.Я.Бутанаев мусулман авторлору Енисей жана Орто Азияда жашаган кыргыздарды ажыратып көрсөтпөгөндөрүн, кыргыздар бир аймакта жашаган калк деп маалымат бергендерин белгилейт. XIII к. Чыгыш Түркстанда жашаган кыргыздардын ээлеген аймактары Чагатай улусуна кирген. Ал эми Түштүк Сибирдеги кыргыздар “Түмөн Кыргыз” деген өз алдынча улус катары түзүлүп монголдордун Юань династиясына түз баш ийип калат.

**“Профессор В.Я.Бутанаев Кыргыз каганаты жана анын мааниси жөнүндө”** аттуу параграф. Кыргыздар Борбордук Азиянын көчмөндөрүн бир мамлекетке бириктирип, Кытайдын Тан династиясы (618-907) менен тең укуктуу жана достук мамилелерди түзүүгө жетишишкен. Кыргыз Каганатынын доорунда Борбордук Азиянын түздүктөрүн түндүктөгү чет жака болгон Минусин ойдуңунан келген кыргыздар башкаруу бийлигин колуна алышкан, талкаланган уйгурларды Забайкальеден Чыгыш Түркстан тараптарга чейин сүрүшүп, Теңир-Тоого түз жол ачышкан эле [44, С.24-25]. Согуштук аракеттердин жүрүшү өтө терең ойлонулган болучу. Кыргыз мамлекетинде борборлошкон аскердик-башкаруу системасы түзүлгөн, калк миң жоокер берүүчү аскердик бирдиктерге бөлүнгөн. Чек араларды чыңдоо максатында батыш, түштүк жана чыгыш тараптагы чек аралар кеңейтилген. Кыргыз мамлекетинен түндүктө жашаган согушчан Бома же Алакчындар (ала аттуулар) бириктирилген эле [19, 59]. Кыргыз жерлери түндүктө Кан, андан ары Ачинск-Мариин токой түздүктөрү, Енисейдин өрөөндөрүнөн Ангаранын куймаларына чейин созулуп жатчу. Батышта болсо кыргыз бийлигине Түндүк Алтай, Том жана Обь суусунун өрөөндүү аймактары баш ийдирилген. Аталган жерлерден IX-X кк. таандык кыргыз эстеликтери табылган. Аталган аймактардын дээрлигине кыргыз

маданиятынын элементтери тарагандыгы илимге белгилүү. Экономикалык жана саясий жактан күчтөнүү Кыргыз мамлекетинде демографиялык абалдын да жакшырышына алып келген. В.Я.Бутанаевдин эсептөөсү боюнча кыргыздардын колуна курал кармоо мүмкүнчүлүгүнө жетишкен аскерлердин санына караганда Кыргыз мамлекетиндеги калктын жалпы саны бир миллионго жеткен [44, С. 25]. Кыргыздар Уйгур каганатынын ички жана тышкы саясий абалына кунт коюп көз салып турушкан. Уйгур ордосундагы ич ара чыр-чатактар мамлекеттин негизин бошоңдоткон. Кыргыздар уйгурларга согуш жарыялаганда, Кыргыз каганатын Тибет колдоп чыккан. Кыргыз элчилери Тибет менен байланышы жакшы мамиледе болгон Карлук ябгулугунун жери аркылуу ишке ашырышкан [71, 74-75]. Кыргыз улуу державасы дооруна таандык уникалдуу кыргыз документи бар. Ал илимде Сужа (Сужи-Давань) жазуусу деген ат менен белгилүү. Монголиядагы кыргыз жазуу эстелиги 1900-ж. Г.Рамстедт тарабынан табылган. Жазуу эстелиги кыргыздардын Борбордук Азияга чыккандыгын далилдеген булак болуп саналат. Бул маалыматтар кыргыздардын жаңы империялык түзүлүшүн жана империялык идеологияга умтулгандыктарын чагылдырат. Аскер башчысы Бойла Кутлук Ярган уйгурларга каршы согуштук жүрүштүн катышуучусу, яглаккар династиясын талкалаган [44, С. 24-26].

В.Я.Бутанаевдин пикиринде 924-ж. “Кыргыз улуу державалык” мезгилинин аяктоочу жылы катары кабыл алууга болот. Учурда монголдор бул аймактын акыркы түрк тилдүү жашоочу эли болгон кыргыздарга байланыштуу орто кылымдардагы көрүстөндөрдү “хиргис үүр”, таш эстеликтерди “хиргис чулуун” деп атап келишери маалым. X к. 30-ж. карата кара кидандардын батыштагы чек арасы Саян-Алтайга чейин созулуп жаткан. Кыргыздар кара кытайлар менен элчилик деңгээлдеги байланышта болушкан. Ляо (907-1125) императоруна “хягастар дайыма элчилерин жана багышталган белек-бечкектерин жиберип турушкан”. Мисалы, 976-ж. императордун сарайына кыргыз элчилиги белектери менен келген [86, С. 12]. Ляо империясы (907-1125) Тайцзундун тушунда батышта жашаган “Хагас мамлекетин” агартууга чакырган, билим алууга умтулгандарды “Ляого чакырып турушкан”. Кара кытайлардын кыргыздарга тийгизген маданий ж.б. таасири X к. алкагында жайылган деген пикирди илимпоздор айтышат. “Кыргыз улуу державасы” деп аталган доордо кыргыз маданияты Борбордук Азиянын туш-тарабына тарады. Кыргыз кагандары өз өлкөсүндө курулуш иштерин, кол өнөрчүлүктүн, сооданын өнүгүшүн колдошкан, акча бирдигин жүгүртүүгө аракет жасашкан. Кыргыздардын Орто Азия, Иран, Тибет, Кытай менен маданий-соода алакалары өнүгө баштады. Кыргыз кагандары мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн диндерди, анын ичинен буддизм менен манихейизмди каганаттын бардык калкын бириктирүүчү идеология катары пайдаланууга аракет жасашкан.

Диссертациялык иштин **экинчи бөлүгү “Енисей кыргыздарынын тарыхынын монгол мезгили жана андан соңку доору В.Я.Бутанаевдин эмгектеринде”** деп аталат. “**Монгол доорундагы кыргыздар. “Түмөн кыргыз”** деген биринчи параграфында монгол доорундагы кыргыздардын

саясий жана социалдык абалы изилденет. В.Я.Бутанаевдин белгилөөсүндө монголдордун Ортолук Енисейди каратып алуусу 100 жылга созулган. Эгерде, анын башталыш этабы (1207-1218) тынчтык жолу менен баш ийилип берилсе, ал эми экинчи этаптагы баш ийдирүү айыгышкан согуштук кагылышуулар менен коштолду. Анын натыйжасында аймактын жашоочулары болгон кыргыз калкынын саны кескин түрдө азайган [33, С.161]. Саясий борборду көчүргөндөн соң кыргыздардын жайгашуу географиясы да өзгөргөндүгүн байкоого болот. Мисалы, IX–X кк. кыргыз эстеликтеринин негизги массасы Тувада, бир аздап Минуса ойдуңунда, Забайкальеде, Монголияда, Алтайда, Батыш Сибирде, Орто Сибирдин токойлуу жерлеринде жайгашса, XI-XII кк. кыргыз эстеликтеринин басымдуу бөлүгү Енисейдин ортоңку бөлүгүндө (азыркы Хакасиянын аймагы), бир аздап Тува, Притомье, бириндеп Монголия жана Алтайда кездешерин изилдөөчүлөр белгилешет. Арийне, соңку изилдөөлөр, өзгөчө археологдордун тыянактарында XIII к. баш чендерине карата Енисей дарыясынын башкы агымы тараптагы жерлер (азыркы Тува аймагы) кыргыздарга караган. Буга чейинки кылдат изилденген кыргыз көрүстөндөрү XIII к. таандык экендиги ырас. Ошол эле учурда кыргыздар жашаган түндүк аймактарынын чектеринде, Чулум дарыясынын бассейнинде кыргыз көрүстөндөрүнүн арбын кездешиши, көчмөн кыргыздардын түндүктөгү токойлуу түздүктөрдү өздөштүрө башташын аныктайт. Кыргыздар зор жоготууларга учурагандыгына карабастан, өздөрүнүн негизги жашаган аймактарында кала беришкен жана моңгол хандары дайындаган бектер тарабынан башкарылган. Кыргыздардын маданиятынын өз алдынчалыгы өнүгө берген. 1226-ж. Жучу-хан өлгөндөн кийин, бул жерлер улуу ханга, Чынгызхандын кенже уулу Тулуй-хандын энчисине тийген. 1229-ж. такка олтурган улуу каган Угэдэй баш ийген урууларды «тынчтандыруу» максатында меркиттер менен кыргыздардын тектүү кыздарына үйлөнгөн, бул жергиликтүү башкаруучулар, анын ичинде кыргыздар менен түзүлгөн династиялык келишим болгон. Угэдэйдин төртүнчү «башкы аялы» кыргыз «цзилицзиси-хутени» Жачин болгон.

Кытайдагы моңгол аскерлерин жетектеген Хубилай Ариг-Буганын бийлигин таанығысы келбей, өз аскерлерин ага каршы бурган. Ариг-Буганын аскерлери жеңилип калат. “Ариг-Буга жана анын аскерлери коркуп качышып, Кыргыз жерине кайтып келишти.”Ал жерде ”жеңилгендигине ызааланган Ариг-Буга туткундарды кырып салып, Кыргыз жерине бекемделип туруп калды”. Жаңы аскер жыйнаган Ариг-Буга Тангут жерине чабуул жасап, анда да жеңилип калды, аскерлердин калгандары качып-тозуп, кыргыздар чегинде турган Ариг-Буга менен биригишти... Ариг-Буга согушту уттуруп койгондугуна ынанып, 1264-ж. Хубилайдын колуна туткунга түшүп берет. Ариг-Буганын башкарган мезгили, Минусин ойдуңунда жана Тува жерине кайгы-муңду, коомдук-социалдык регрессти, экономикалык-чарбалык бүлүнүүлөрдү алып келген. Кыргыздар Саян-Алтайдагы басымдуу этнос болуу ролунан ажырап, бул орунду монголдор ээлеп алышкан эле. 1264-ж. Саян-Алтай аймагы борбору Каракорум болгон Лин-бэй провинциясына кошулган. Андан кийин бул аймактар Хубилай

негиздеген Юань (1271-1368 жж.) империясынын курамына өз алдынча түмөн катары кирет. ”Бийликке Юань династиясы келгенден кийин бул эл (цзилицзиси) тогуз миң түтүнгө бөлүндү. Мындан, Хубилайдын өкмөтү кыргыздардан бир түмөн (он миң) аскер койо алган башкаруу бирдигин түзүүнү көздөшкөн. “Юань-шинин” 63-сабынан которгон немис лингвисти Вильгелм Шотт тогуз миң түтүн кыргыздарды жалпы енисей кыргыздары деп белгилеген [85, С.59]. В.Я.Бутанаев хакастардын эс-тутумунда “тогуз миң түтүн кыргыз” сөзү жана уламышы сакталып калгандыгын жазат [19, С.78-79]. Монголдор тарабынан дайындалган түмөн башчыларына атайын алтын тактайча – пайцзалар берилген. Төрт бурчтуу жазуу системасы Хубилайдын тушунда киргизилип, 1269-ж. расмий кабыл алынган. Енисейдеги бул табылгалардан аймак Хубилай-хан тарабынан түмөн катары түзүлүп, аларга түмөн башчылар, миң башчылар дайындалганын талдоого болот. Кыргыздардын бир бөлүгү Минуса ойдуңунан жана Тувадан Маньжурияга козголоңчу Наян нойондун ээлигине көчүрүлгөн. 1293-ж. бул жерлерге “усухань, ханас, цзилицзиси (кыргыздар) урууларынын өкүлдөрү ”Хубилайдын атайын буйругу менен кыргыздар жана башка уруулар аскер айылдары катары жаңы негизделген Чжаочжоу шаарына отурукташтырылган. Алар юаньсухань, ханастар жана цзилицзиси (кыргыздар). Кыргыздардын башка бир бөлүгү “Хасыхэ жерине,” Манжуриянын дагы бир аймагына жайгаштырылган. 1293-ж. Щи-цзу (Хубилай) Хэсыхэ жерине аскер айылдары катары чжирхэхусотай цирциздердин (кыргыздардын) 700 үй-бүлөсү отурукташтырган. Бул аракеттер козголоң чыгарган урууларды бөтөн этникалык чөйрөлөргө көчүрүп алсыратуу жана алардын үстүнөн көзөмөл кылуу үчүн жасалган чаралар эле.

**Экинчи бөлүмдүн** экинчи параграфы**“Кыргыз жери” [Кыргыз мамлекети] XVII к. жана XVIII к. баш чендеринде”**деп аталат. XVII-XVIII кк. енисей кыргыздары үчүн айыгышкан күрөштүн, дипломатиялык алакалардын жана жигердүү аракеттердин жүз жылы болуп калган. Кыргыздар үчүн түштүктөн Алтан-хандар, түштүк-батыштан – Жунгар хандыгы, түндүктөн – Орус мамлекети менен күрөш жүргүзүүгө туура келген.1368-ж. Юань династиясы кулагандан кийин Минусин ойдуңундагы (Ортолук Енисейде) кыргыздар этносаясий биримдикти, мурдагы Кыргыз каганатынын мамлекеттик-саясий башкаруусунун структурасын калыбына келтиришкен. XVII-XVIII кк. чегиндеги орус жазма булактары енисей кыргыздары жана алардын социалдык курамы, жашаган калктын локализациясы, кыштым капчыгайлары, Кыргыз өлкөсүнүн саясий түзүлүшү, эл аралык мамилелерге енисей кыргыздарынын катышуусу ж.б. боюнча кеминде 100 жылдан ашуун убакыт бою так маалыматтарды беришкенин белгилөөгө болот. Енисей кыргыздары тууралу абалкы маалымат орус булактарында XVII к. биринчи чейрегинен тарта эскериле баштайт. Кара Июс жана Ак Июс өзөндөрү бириккен Чулум дарыясынын өрөөндөрүндө кыргыздар ургалдуу жайгашкандыгын 1626-ж. жазылган орус документтери эскерет.

Н.Козьмин XVII к. кыргыздардын өлкөсүн «ыдырап, кулап бараткан мамлекет» катары эсептеген. С.В.Бахрушин да «Кыргыз жери» «саясий бир бүтүндүктү түзүп», Россия менен болгон тышкы саясатында көз каранды эмес болгондугун танбайт. XVII к. баш чендеринде орус элчилери «Кыргыз жеринин» башкаруучусун «Кирбиц падышасы» деп аташып, анын суверендүүлүгүн таанышкан. Кыргыздар орус элчилерине Ортолук Енисей аймагы же Кыргыз өлкөсү сырттан эч кимге, анын ичинде моңгол хандарына да көз каранды эмес экендиктерин так билдиришкен. Өз учурунда Н.Н.Козьмин, С.В.Бахрушиндер енисей кыргыздары орус ж.б. баскынчыларына "көз каранды эместик үчүн күрөшүшкөн" деген так пикирлерин негиздешкендери ырас. Орус документтери кыргыздарда жогорку бийлик атадан-балага мурас катары каларын, аскердик-иеархиялык башкаруу болгондугун, кыргыздар туруктуу 3000 атчан аскерди коюуга кудурети жетерин белгилешет. В.Я.Бутанаев Н.Н.Козьминдин енисей кыргыздарында мамлекеттик-башкаруу бийлиги (XVII-XVIII кк.) кулоонун алдында турган деген пикирин колдойт жана XVII к. баш чендеринде кыргыздардын ордо шаары жана саясий борбору Кара жана Ак Июс дарыяларынын ортолугундагы «ак таштуу кыргыз шаарчасы» жайгашкандыгын белгилейт. Мамлекеттик маанилүү маселелерди чечүү үчүн Кыргыз жеринин төрт улусунун өкүлдөрү катышкан жыйын (хурал) өтүп турган. Маселен, 1627-ж. болуп өткөн жыйында 700 өкүл катышкан (анын ичинен 300 кыргыз өкүлү). Бул жыйындарда чечүүчү добуштар кыргыз бектерине таандык болгон. Алар «биргелешип, кеңешип, ар кандай маанилүү маселелерди чечишкен». Бул жыйында «Кыргыз жерин» башкарууда жогорку бийлик эң «мыкты» деп саналган бекке тапшырылган. «Бүткүл Кыргыз жеринин Кеңешинин» болушу ошол учурдагы Кыргыз өлкөсүнүн саясий биримдигин аныктаган [13, С. 55]. "Кыргыз өлкөсүнүн" төрт улусунда алардын саны 50-100 дөн 500гө чейин жеткен, баары тең тууган-туушкандык мамилелерде болушкан. Кыргыз бектери XVII к. баш чендеринде эле ойрот башкаруучулары менен өздөрүн тең абалда сезишип, куда-сөөк болушкан. Борбордук Азиядагы күч-кубаттуу хандар менен куда-сөөк болуу кыргыздардын Түштүк Сибирдеги абалын бекемдеген. Кыргыз коомундагы социалдык жашоо, кыргыздардын ар бир жарамдуу эркектеринин коомдогу атайын милдеткерликтери белгиленген.

**"Енисей кыргыздарынын Жунгарияга сүрүлүшүнүн В.Я.Бутанаевдин эмгектеринде изилдениши".** Кыргыздардын 1703-ж. жунгарлар (ойроттор) тарабынан Жунгарияга сүрүлүшү жана кыргыздардын Жунгар хандыгы кулагандан кийинки тагдыры өтө трагедиялуу тарых барактарынан болуп калат. Бул проблемага кыргыз тарыхчыларынан А.Арзыматов [1963,1988], А.Абдыкалыковдор [1967,1986] да кайрылышкан. XVII к. экинчи жарымы – XVIII к. баш чендеринде Түштүк Сибирде, Борбордук Азияда согуштук-саясий абал туруктуу болгон эмес. Алтан-хандардын мамлекети енисей кыргыздары жана жунгарлардын бириккен аскерлеринен жеңилгенден кийин бул мамлекеттин абалы начарлап, Түштүк Сибирдин согуштук-саясий иштерине кийлигишүүгө чамасы жетпей калган. Түштүк Сибирь үчүн эки мамлекеттин,

Россия империясы жана Жунгар хандыгынын (1635-1773 жж.) ортосунда күрөш жүрө баштаган. Орустардын “Кыргыз жерине” кысымы күчөй берген. Ич-ара саясий күрөштөн жана Цинь династиясы (1644-1912 жж.) менен болгон согуштан начарлаган Жунгар хандыгы контайша Цеван Рабдандын тушунда [1699-1727 жж.] кайра күч ала баштайт. Жунгарларга ыктаган енисей кыргыздары орустардын Түштүк Сибирге жылышын матап токтотуп турушкан. Орустардын куралдуу кысымдары кыргыздар жана алардын кыштымдарына капысынан кол салуулар менен гана чектелген. Кыргыздар жооп иретинде орус чыңдоолоруна, айыл-кыштактарына кыйраткыч жүрүштөрдү уюштуруп турушкан. Енисей кыргыздарынын орус бийликтерине каршы куралдуу күрөшүн Н.Н.Козьмин “көз каранды эместик үчүн күрөш” деп жазса [73, С. 30], С.В.Бахрушин “өздөрүнөн күч-кубаттуу кошуналары менен болгон согушта кыргыздардын чыныгы жоокердик жана мыкаачылык мүнөздөрү калыптанган. Туткунга түшкөндөрдүн кулагын, мурундарын кескилешип, курсактарын жарышкан” – деп жазган. Кыргыздардын улуу князы Еренактын уулу Корчундун орустарга каршы тынымсыз жүрүштөрүнөн енисей кыргыздарынын тышкы саясатта жунгар хандарысыз эле күрөш жүргүзгөндүгүн көрүүгө болот. Такка олтурган Цеван-Рабдан да кыргыздарга толук көзөмөл орното алган эмес. Кыргыздардын тынымсыз согуштук жүрүштөрү Москвадагы орус падышаларын да бушайманга салып ойлондурган. 1700-ж. орус падышасы Пётр I ден Томск, Кузнецк жана Красноярск воеводаларына “Кыргыз жерине” күч топтоп кыйраткыч сокуу уруу жөнүндөгү буйругу келип түшөт.

Сибирди изилдөөчү Г.Ф.Миллер бул акт «мурда эле чечилген» Россия менен Жунгариянын сүйлөшүүлөрүнүн жыйынтыгы деп атаган. Жунгар элчиси «Аранжама Чембиль өз кишилери менен келишимге өз мөөрлөрүн басып беришти», ошондой эле «үч кыргыз улусунун тайшалары - Тангут Батур-тайша, Хорчин Унзентайша жана Шурлу-Мерген-тайшалардын мөөрлөрү басылды». Бул маалыматтардан кыргыз бектери даярдалып жаткан акцияны мурда эле билишкенин байкоого болот жана контайша менен бүтүмгө барышкандыктан улам жунгарларга каршылык көрсөтүшкөн эмес. 1703-ж. июнь айында жунгар ханы кыргыз жана кыргыздардын кыштымдарын «контайшадан алыстап кетпеси үчүн» Жунгарияга көчүрүү жөнүндө буйрук берет. В.Я.Бутанаев архивдик маалыматтардан жунгар ханы жиберген өкүл Аба-зайсан жең ичинен кыргыздардардын кийинки тагдыры кандай болот, орустарга калчу салык төлөөчүлөрдүн саны тууралу сүйлөшүүлөр болгондугун белгилейт. “Кыргыз жеринен” сүрүлгөн эл жунгар аскерлеринин көзөмөлү астында үч жол аркылуу кетишкен. Кыргыздар өздөрүнүн үй-бүлөлөрү, малы, үй-мүлктөрү менен кошо көчүшкөн. Алардын көчтөрүнүн чубалган тизмеги 20-30 км. чейин жеткен. Үч жол тең Мрассу жана Кобырзы дарыялары аккан жерлерге барып кошулган; азыр да бул жерлерде «Хыргыс сыххан шол», «Хыргыс кошкен хол» деген жер аталыштары сакталып келет. А.Абдыкалыков 1703-ж. курал-жарак менен шайма-шай чыккан орустар кыргыздардын журт которуп кетишкендигин бир катар жазма булактарда билдиришкендигин жазган [1, С.83-85]. Көчүрүлгөн

кыргыздардын саны В.Я.Бутанаевдин эсептөөсүндө 20 миңден (5 коэфицент менен) ашкан. Жунгарияга көчүрүлгөн кыргыздар Эмель-Голдогу контайшанын чоң өргөөсүнө жакын айыл болуп туруп калышкан. Алар 4 чайзан жетектеген, 4000 түтүндөн турган өзгөчө «кыргыз отогун» (Цирцзилер) түзүшкөн. 1773-1775 жж. Жунгар хандыгы Цинь империясынын соккусу астында кулай баштаганда енисей кыргыздары өз мекенине кайра көчүүнү чечишет. Кайра кайткан кыргыздар цинь аскерлери жана казак ордолорунун буктурмасына кабылышып кырылышкан. Аман калган айрым бөлүктөрү гана Минусин аймагына жетишкен. Орустардын келишпес душмандары болгон енисей кыргыздары жунгар-орус алакаларында түйүндүү болгон негизги маселелердин бири болгон. Кыргыздардын чабуулдарынан жапа чеккен орустар келтирилген чыгымдарды калыбына келтирүү талаптарын жана өтүнүчтөрүн айтышкан. Ошондон улам, жунгарлар орустар менен касташууну каалашкан эмес. Цеван-Рабдан абалды бекемдөө максатында казак-жунгар чек арасына енисей кыргыздарын жайгаштырган. Енисей кыргыздарын Чүй-Талас аймактарынын ортолугуна жайгаштыруу планы да каралган; кыргыздардын орустарга каршы келишпес саясаты жунгарлар менен орустардын кыштымдардан экилик салык жыйноосуна тоскоолдук келтиришкен; ошондон улам, кыргыздарды бул маанилүү аймактан зордоп көчүрүү орустардын жана жунгарлардын кызыкчылыктарына бирдей жооп берген; Галдан-Бошогту-хандын тушунда Жунгар хандыгынын адам ресурстары азайып, экономикалык туруктуулугу начарлаган, өлкөнүн аймагы кичирейген; армияга адам ресурстары зарыл болгон, бул шарт да енисей кыргыздарын, телеут жана мингаттарды көчүрүүгө түрткү болгон.

**“Хакас тарыхый фольклорундагы енисей кыргыздары тууралу маалыматтар”** аттуу илимий маселе төртүнчү параграфта изилденет. Енисей кыргыздары жөнүндөгү фольклордук маалыматтардагы каармандардын көпчүлүгү реалдуу жашап өткөн адамдар. Ошол каармандар жана окуялар бүгүнкү хакастардын тарыхый эс-тутумунда сакталып келет. Бир гана хакас жергесинде “хыргыс сөөктерi” деп аталган 20дан ашуун көрүстөндөрдүн тобу бар. Жергиликтүү калк Тагар (скиф) маданиятына таандык көрүстөндөргө салыштырмалуу бул эстеликтерге кадырлоо менен мамиле жасашат. Хакастар кыргыз бейиттерине жакындаганда жүгүнүшүп, шараптан ырымдап чачып коюшат. Орто кылымдар мезгили “хыргыс тузы” - “кыргыз доору” деп аталат. В.В.Радлов “мен эпостордун толук үстөмдүгүн азыркы мезгилде бири-биринен өтө ыраакта жашаган турк тектүү эки элден - Енисейдин жогорку агымындагы Абакан же Минусин татарларынан (хакастар) жана кара кыргыздардан гана кезиктирдим”- деп жазган. Хакас тарыхый санжыралары боюнча кыргыздар “Хыргыс-хан” деген мамлекетти негиздешкен; мамлекеттин башкаруучусунун ордосу бир маалымат боюнча Енисей өрөөнүндө (Ерба дарыясы), экинчи маалыматта, Абакан өрөөнүндө (Уй-Таг тоосу) болгон экен. Кыргыздар мал чарбачылыгы менен катар жер иштетүүчүлүк менен кесиптенишкен. Хакасиянын Июс өрөөнүндөгү эскиден иштетилген жерлери азыр да “хыргыс таргылары” - кыргыз айдоолору” деп аталат. Абакан өрөөнүндөгү чополуу-

кумдуу жерлерде курулган дан майдалагыч таш тегирмендер эзелки кыргыздарга таандык экендиги маалым. Адыр-тоолордун кырларына курулган арыктардын нуктары бүгүн да бар. Бул маалыматтар талаа маданиятынын калкын балык азыгы негизги тамак-аштардан болгон токой элдеринен айырмалап турары ырас. Кыргыздардын өнүккөн металлургиясы хакастардын тарыхый эс-тутумунда сакталып келет: “Бүгүнкү күндө кыргыздар темир эритүү үчүн курушкан атайын мештердин жанындагы үйүлгөн дөбө-дөбө күл жаткан жерлер “хыргыс узанган чир” - “кыргыздар устачылык кылган жерлер”-деп аталат. 1939-1940 жж. Енисейдин сол жээгинен VII-VIII кк. (Көпен чаатасы) кыргыздарга таандык алтын менен күмүштөн жасалган табактар, идиш-аяктар, кумаралар табылган. Хакас тарыхый фольклорунда кыргыздардын Енисей өрөөнүнөн түштүк тарапка, Алтайга ооп кетишкендигин жөнүндө уламыштар бар.

**Корутундуда** диссертациядагы иликтенген маселелерге тыянактар сунушталды:

1. Жыйналган жана изилденген малыматтардын негизинде Кыргыз каганатынын саясий жана экономикалык картасын чийүүгө болот;
2. Изилдөөчүнүн Кыргыз каганатынын мамлекеттик-башкаруу системасында сулалелик династиялык башкаруу болгон деген көз карашын өнүктүрүү; Азиянын байыркы, орто кылымдардагы жана жаңы доордогу өлкөлөрүнүн баарында тең династиялык башкаруу болгон;
3. Енисей жана Теңир-Тоо кыргыздарынын этномаданий, тилдик жалпылыктары бир этностук, маданий, тилдик чөйрөдө калыптанган;
4. Б.з. IX к. Кыргызстандын аймагы жана ага чектеш жерлерде кыргыздар жашаган деген В.Я.Бутанаевдин ж.б. илимпоздордун пикирлерин колдоо;
5. Енисей кыргыздарынын этнос катары сакталып калуусуна Юань династиясынын курамындагы Түмөн Кыргыз аймактык-башкаруу бирдигинде жагымдуу шарт түзгөн;
6. Профессор В.Я.Бутанаевдин эмгектерин кыргыз тилине которуп, аларды окуу куралдары, окуу китептери катары сунуш этүү.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН МАЗМУНУ ТӨМӨНКҮ ЭМГЕКТЕРДЕ ЧАГЫЛДЫРЫЛГАН:


1. Жаныбекова, К.Р. Профессор В.Я.Бутанаев. Энесай кыргыздары жана алардын тарыхый тагдыры [Текст] / К.Р.Жаныбекова. -Бишкек:[б.и.], 2016. -166 б.
2. Жаныбекова, К.Р. Кыргыз-хакас тарыхый-этникалык байланыштары [Текст] / К.Р. Жаныбекова // Вестник КНУ им. Ж.Баласагына: Труды молодых учёных. Серия 5. Социально-экономические науки. -Бишкек, 2005. -Выпуск. 2. -С. 59-61.
3. Жаныбекова, К.Р., Каратаев О.К. Кыргыз каганатынын мамлекеттик-башкаруу системасындагы титулатурасы [Текст] / К.Р. Жаныбекова, О.К. Каратаева // Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. -Бишкек, 2006. 60-68-б.

4. Жаныбекова, К.Р. Кыргыздардын жана тувалардын этностук- маданий алакаларынын башаты [Текст] / К.Р. Жаныбекова // Вопросы истории Кыргызстана: Научное издание. -Бишкек, 2006. № 1. -С.29-32.
5. Жаныбекова, К.Р. Ареал распространения этнонима «кыргыз» [Текст] / К.Р. Жаныбекова // Материалы международной научно-практической конференции 24-26 октября 2007 г. г.Абакан. Республика Хакасия: Актуальные проблемы истории Саяно-Алтая. -Абакан, 2007. -Вып. 1. -С.208-212.
6.Жаныбекова, К.Р., Каратаев О.К. Саян-Алтай чөлкөмүндөгү "кыргыз" этнониминин таралуу алкагы [Текст] / К.Р. Жаныбекова, О.К. Каратаев // Вестник КНУ им. Баласагына. -Вып. 7. -Бишкек, 2008. -С. 85-89.
7. Жаныбекова, К.Р. Кыргыздар жана Хакас-Минуса аймагынын фольклору: Изилденүү тарыхы [Текст] / К.Р. Жаныбекова // Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. Специальный выпуск. -Бишкек, 2011. -С.235-237.
8. Жаныбекова, К.Р Хакастардын эс-тутумундагы кыргыздар тууралу маалыматтар[Текст] / К.Р. Жаныбекова // Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. Специальный выпуск. -Бишкек, 2012. -С. 57-59.
9. Жаныбекова, К.Р. Профессор В.Я.Бутанаевдин изилдөөлөрүндө енисей кыргыздарынын Жунгарияга сүрүлүшүнүн маселелери [Текст] / К.Р. Жаныбекова // Вестник КНУ им. Ж.Баласагына: Материалы Международной научной конференции "Кыргызский каганат в контексте тюркской цивилизации: Проблемы Кыргызоведения" 15-16 ноября 2012 г.- Бишкек, 2012.- Ч. 2. -С. 182-186.
10. Жаныбекова, К.Р., Каратаев О.К. Хакастар жана алардын этностук курамынын бүгүнкү абалы [Текст] / К.Р. Жаныбекова, О.К. Каратаева //Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. -Ч. 2. -Бишкек, 2012. -С.187-191.
11. Жаныбекова, К.Р. Профессор В.Я. Бутанаев - учёный-кыргызовед [Текст] / К.Р. Жаныбекова // Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. Специальный выпуск. -Бишкек, 2013. -С.59-61.
12. Жаныбекова, К.Р. Хакастардын социалдык турмушу: кыргыздар менен тарыхый-этникалык байланыштары[Текст] / К.Р. Жаныбекова Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. Специальный выпуск. -Бишкек, 2013.-С.59- 61.
13. Жаныбекова, К.Р., Жалиева Б.С. Кыргыздар жана Түштүк Сибирь элдеринин сүт азыктарынан даярдалган тамак-аштары (хакастар, тувалар, түштүк алтайлыктар) [Текст] / К.Р. Жаныбекова, Б.С. Жалиева // Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. Специальный выпуск. -Бишкек, 2013. -С.59-61.
14. Жаныбекова, К.Р. Жер-суу аталыштары: Түштүк Сибирь жана Кыргызстан [Текст] / К.Р. Жаныбекова //Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. Специальный выпуск. -Бишкек, 2014. -С.139-142.
15. Жаныбекова, К.Р. Кыргыздардын жана хакастардын үй-бүлө мамилелериндеги жалпылыктар[Текст] / К.Р. Жаныбекова // Кыргыз Каганаты түрк элдеринин мамлекеттүүлүгүнүн алкагында түзүлгөндүгүнүн 1170 жылдыгына арналган илимий Симпозиум. -Бишкек, 2014. Б.278-281.

16. Жаныбекова, К.Р. Хакас фольклорунда енисей кыргыздарынын спорттук оюндарынын чагылдырылышы [Текст] / К.Р. Жаныбекова // Түрк элдеринин салттуу спорттук оюндары. -Бишкек, 2015. -Б.156-159.
17. Жаныбекова, К.Р., Каратаева С.К. Ареал распространения этнонима "кыргыз" [Текст] / К.Р. Жаныбекова // "Отан тарихи". -Алматы, 2015. -№ 4. -С.145-150.
18. Жаныбекова, К.Р. Профессор Виктор Яковлевич Бутанаев: инсан, тарых изилдөөчү жана педагог[Текст] / К.Р. Жаныбекова //Энесайлык данакер этнограф: Хакас элинин чыгаан этнографы, т.и.д., проф. В.Я.Бутанаевдин 70 жылдык маарекесине арналган жыйнак. -Бишкек, 2016. -Б.29-34.
19. Жаныбекова, К.Р. Профессор Виктор Яковлевич Бутанаев и его исследования об енисейских кыргызах [Текст] / К.Р. Жаныбекова // Виктор Яковлевич Бутанаев. Государство кыргызов на Енисее в древнетюркскую и монгольскую эпохи. -Бишкек, 2016. -С.13-18.
20. Жаныбекова, К.Р. Кыргыздар жана Хакас-Минуса аймагынын фольклору: Изилденүү тарыхы [Текст] / К.Р. Жаныбекова // Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. Специальный выпуск. -Бишкек, 2011. -С. 235-237.

Жаныбекова Кайрыкан Расуловнанын **“Енисей кыргыздарынын тарыхынын профессор В.Я.Бутанаевдин эмгектеринде чагылдырылышы**”деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияны

## РЕЗЮМЕСИ


**Негизги сөздөр**: кыргыздар, В.Я.Бутанаев, тарыхый фольклор, хакастар, Кыргыз каганаты, этностук тарых.

**Изилдөөнүн объектиси:** Кыргызтаануучу В.Я.Бутанаевдин изилдөөлөрүндөгү енисей кыргыздарынын этносаясий, этномаданий, социалдык тарыхынын чагылдырылышы.

**Изилдөөнүн максаты:** Диссертациялык иштин негизги максаты болуп, профессор В.Я.Бутанаевдин эмгектериндеги енисей кыргыздарынын саясий тарыхына, мамлекеттик түзүлүшүнө,этностук-маданий, каада-салт, үрп-адаттарына, социалдык алакаларына, экономикалык абалына, чарбалык укладына анализ жүргүзүүдө турат.

**Изилдөөнүн методологиялык** негизин дүйнөлүк жана мурдагы советтик түркология, тарых, этнография илимдеринде жетишилген жоболор, салттуу пикирлер, калыптанган салыштырма, структуралык, тарыхый-этнографиялык, статистикалык усулдар түзөт.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** Кыргызтаанууда енисей кыргыздарынын VI-XVIII кк. этносаясий тарыхы, Кыргыз каганатынын калыптанышы, анын ээлеген географиялык алкагы, кыргыздардын локалдашуу аймактары, кыргыздардын байыркы тили, Кыргыз каганатындагы династиялык башкаруу системасы боюнча ж.б. илимий маселелер В.Я.Бутанаевдин эмгектери, көз караштары, тыянактары аркылуу талданды.

**Иштин теориялык жана практикалык мааниси**: енисей кыргыздарынын этностук тарыхын, этногенезин, маданиятын, уруулук курамын, мамлекеттик символикаларды окуп-үйрөнүүдө; Кыргызстандын тарыхы боюнча жалпылама эмгектерди жазууда, ономастикалык, этнографиялык сөздүктөрдү түзүүдө, жогорку окуу жайлардын тарых, чыгыш таануу, түркология адистиктеринде окуган студенттер үчүн арналган окуу китептерин даярдоого жардам берет.


\

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Жаныбековой Кайрыкан Расуловны на тему «Отражение истории енисейских кыргызов в трудах профессора В.Я.Бутанаева» на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.02 - Отечественная история**

**Ключевые слова:** кыргызы, В.Я.Бутанаев, исторический фольклор, хакасы, Кыргызский каганат, этническая история,

**Объект диссертационной работы:** отражение этнополитической, этнокультурной и социальной истории енисейских кыргызов в исследованиях кыргызоведа В.Я.Бутанаева.

**Цель исследования:** Основной целью дисертационной работы является анализ политической истории, становления государственности, развития этнокультурных и социальных отношений, экономического положения, традиций, обычаев и обрядов, хозяйственного уклада енисейских кыргызов на основе многолетних исследований и вышедших в свет трудов профессора В.Я.Бутанаева.

**Методология исследования:** Методологическую основу диссертационного исследования составляют достигнутые принципы, установившиеся мнения в мировой и советской тюркологии, исторической и этнографической науках, сравнительный, структурный, историко-этнографический и статистический методы.

**Научная новизна диссертационной работы:** Анализированы вопросы этнополитической истории енисейских кыргызов VI-XVIII вв., становления Кыргызского каганата, его географического ареала, локализации кыргызов, древнего языка кыргызов, системы управления в Кыргызском каганате и другие научные проблемы через призму научных трудов, взглядов и выводов В.Я.Бутанаева.

**Теоретическое и практическое значение диссертации**: Выводы диссертации внесут вклад в изучение этнической истории, этногенеза, культуры, племенного объединения, государственной символики енисейских кыргызов; будут полезны при написании обобщающих трудов по истории Кыргызстана, составлении ономастических, этнографических словарей; при написании учебных пособий для подготовки студентов вузов по специальности история, востоковедение, тюркология.

**Resume**

**Janybekova Kairykan Rasulovna**

The dissertation work on the competition of scientific degree Candidate of historical sciences, on the theme: **"History Reflection of the Yenisei Kyrgyz in the works of professor V.Y.Butanaev"**, in the specialty 07.00.02 –Home lend history

**Keywords:** Kyrgyz, V.Y.Butanaev, historical folklore, Kyrgyz Kaganat, Central Asia, ethnic history.

**Object of dissertation work:** reflection of ethnopolitical, ethnocultural and social history of the Yenisei Kyrgyz in V. Y. Butanaev's investigations. **The purpose of the reaserch** is to analyze the political history, formation of statehood, development of ethnic, cultural and social relations, economic conditions, traditions, customs and rituals, economic structure of the Yenisei Kyrgyz on the basis of long-term researches and published works by Professor V. Y.Butanaev.

**Research methodology:** reached principles, established opinions in a world and Soviet Turkology, historical and ethnographic sciences, comparative, structural, historical and ethnographic and statistical methods are made on the methodological basis of this research work.

**Scientific novelty of the dissertation:** In this work the views and conclusions on the issues of ethno-political history of the Yenisei Kyrgyz in VI-XVIII centuries, the formation of the Kyrgyz kaganat, its geographic range, areas of localization of the Kyrgyz, an ancient language of the Kyrgyz, a dynastic system of governance in the Kyrgyz Kaganat, and other scientific problems in the works of V. Y. Butanaev were analyzed in detail. Ethno-cultural and ethno-genetic, historical community of the Yenisei Kyrgyz and Tenir-Too are studied;

**Scientific and practical value of the dissertation.** The scientific conclusions of the dissertation have contributed to the study of ethno-political history of Kyrgyz Kaganat, state building, territorial Kyrgyz settlement and their localization in Central Asia, the ethnic history of Yenisei Kyrgyz, ethnogenesis, culture, tribal association, state symbols; At the same time, the study of ethno-cultural and political ties of the Yenisei Kyrgyz will be useful in considering the ancient and medieval periods of the history of the Kyrgyz people, ethnography, traditional knowledge, customs and traditions.